Бекитемин

Мектеп директору________

Кулсариева А.Э

**Муниципалдык бюджеттик жана жалпы билим берүү мекемеси Кара-Дөбө негизги мектебинин ата-энелер жана админстрациясынын ортосундагы балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча милдеттери, укуктары жана милдеттенмелери жөнүндө келишим .**

**Бул келишимди Жайыл районундагы кара-Дөбө негизги мектебинин директору Кулсариева А.Э.Бир тарабынан Уставдын негизинде ,экинчи тарабынан “ата-эне” келишими түзүлдү.**

1. Келишим предмети

1.2. Мектеп милдеттүү

2.1.1. Ата-энени мектептин уставы ички күн тартибиндеги эрежелер менен таныштыруу

2.1.2. Окуучуга жалпы билим алууда жөндөмдүүлүкө, билимге ээ болууга, жыйынтык аттестацияны ийгиликтүү тапшырганда мамлекеттик үлгүдөгү аттестатты берүүнү камсыз кылуу

2.1.3. Федералдык, мамлекеттик стандарттагы жалпы билимди өздөштүрүүнү камсыз кылган билим берүү программасын окутууну ишке ашыруу

2.1.4. Окуучулардын кызыгуусуна, жөндөмдүүлүгүнө психофизиологиялык артыкчылыктарына, жат жазуусуна өзгөчөлүгүнө карата ар түрдүү ыкмаларды, формаларды колдонуп окутуу

2.1.5. Негизги билим берүүдөгү жыйынтыкты жазып туруп, аны менен ата-энени таанышытыруу. Психологиялык жана педагогикалык суроолор боюнча ата-энеге квалификациялык, илимий-педагогикалык жардам көрсөтүү.

2.1.6. Окуучунун мектепте окуп жаткан мезгилинде анын ден соолугуна жана коопсуздугуна жооп берүү.

2.1.7. Балдардын эмгек номаларын коргоо камсыз кылынсын.

2.1.8. Окуу процессин квалификацияланган педагогикалык кадрлар менен камсыз кылуу.

2.1.9. Ата-энеге квалификацияланган педагогикалык жардам берүү.

2.1.10. Окуучуга керек болгондо өз убагында окуучулук жардам көрсөтүү.

2.1.11. Бардык окуучуларга бирдиктүү педагогикалык талап коюу

2.1.12. Экинчи деңгээлдеги окуучуну аяктаганда, эгерде жыйынтык аттестациясы ийгиликтүү өтсө, негизги жалпы билим жөнүндөгү аттестат берүү.

2.1.13. Ата-эне менен дайыма байланышта болуп, иштин жүрүшү боюнча регулярдуу билдирип туруу.

2.1.14. Конфликтик ситуация болсо ата-энени катыштырып комиссия түзүү.

2.1.15. Окуучуга кабинеттерди, компьютерлерди, библиотеканы, спорт инвертарларды жана башка мектептеги эмеректерди акысыз колдонууга укук берүү.

2.1.16. Окуучуга тамактануу үчүн шарт түзүү.

2.1.17. Окуучу ооруп калса, анын орунун сактап туруу.

2.1.18. Окуучу мектептен кете турган болсо, Кыргыз Республикасындагы башка мектептерден окуусун уланта бере турган окуугандыгы жөнүндөгү документин берүү.

2.2. «Ата-эне» милдеттүү:

2.2.1. Өздөрүнүн балдарынын тарбиясына жоопкерчиликтүү болуп, аларга негизги, орто (толук) жалпы билим алууга шарт түзүп берүү.

2.2.2. Баланын өнүгүүсүнө мугалимдерге колдоо көрсөтүү.

2.2.3. Мектептин аброюн көтөрүү жана колдоо.

2.2.4. Өздөрүнүн балдарынын кызыкчылыгын жана укугун коргоо.

2.2.5. Мектептин пайдалуу иштерине катышуу.

2.2.6. Окуучуларды окууну, эмгекти сыйлоого үйрөтүү, мектептин педагогикалык коллективин дагы,ошондой эле дисциплиналуу, сыпаа, сылык болуу.

2.2.7. Окуу-педагогикалык процессиндеги бардык талаптарды окуучулардын сөзсүз аткарышын көзөмөлдөө.

2.2.8. Окуучулардын өз убагында мектепке келишин, мектеп формасын кийишин, таза жүрүшүн камсыз кылуу.

2.2.9. Окуучулардын жетишкендиктерин регулярдуу контролдоп туруу.

2.2.10. Окуучуларды күндүк режимди, өздүк гигиеналык эрежелерди сактоосун камсыз кылуу.

2.2.11. Окуучулар жөнүндөгү информацияны мектепке өз убагында берип туруу.

2.2.12. Окуучулардын мектеп каражаттарын жоготуу же бузуусу боюнча материалдык жоопкерчилик алуу.

2.2.13. Окуучулар менен бирдикте Уставды бузуу, ички эрежелерди бузуу, окуу-педагогикалык процесстин талаптарын бузуу боюнча бардык толук жоопкерчиликти алуу.

2.2.14. Окуучунун ооруландыгы жөнүндө бир күндөн кечиктирбестен айтуу, жана дагы башка мектепке келбегендигинин себептерин эрте билдирүү.

3. Тараптардын укуктары:

3.1. «Мектеп» укуктары:

3.1.1. Педагогикалык кеңешменин чечими менен окуу программасын өздөштүрө албаган окуучуну кийинки жылга калтыруу.

3.1.2. Окуучуну окутуу жана тарбиялоодо окутуу ыкмаларын тандоо, колдонуу өз эркинче.

3.1.3. Мектеп Уставын, тартипти сактабаган окуучуну 15 жашка чыкканда, мектептен чыгаруу үчүн жашы жетпегендер менен иштеген комиссияга берүү.

3.2. Ата-эне укуктуу:

3.2.1. Мектептин ишин жакшыртуу жана кошумча окуу кызматын уюштуруу боюнча айтууга.

3.2.2. Мектеп администрациясынан келишимдин милдеттерин аткаруунун талап кылууга.

3.2.3. Мектептин жашоосуна жана жана башкарылышына катышууга

3.2.4.Балдардын закондук укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо. Ал үчүн мектеп директоруна жазуу түрүндө арыз менен кайрылуу керек. Ал эми директор 1 айга жетпеген убакытта жазуу түрүндө жооп бериш керек.

3.2.5. Окуучунун окуу процессиндеги жетишкендиктер, жетишүү баалары менен таанышууга. Окуучу окуган класстагы сабактарга катышууга директордун уруксаты менен, сабак берген мугалимдин макулдугу менен кирсе болот.

3.2.6. Окуучунун жетишкендиги тууралуу бааларды класс жетекчиси жазуу же оозеки тааныштырат.

3.2.7. Мектеп Уставы жана башка окуу процессин регламенттей турган документтер менен таанышууга.

3.2.8. Акыркы сабактан кийин мектепке барып, педагагдор менен маектешүүгө.

3.2.9. Окуу формасын тандоого. (Экстернат, үй-бүлөөлүк окутуу, массалык мектепте окутуу, очно-заочно формасында окутуу.)

4. Келишимдин бузулуу жана өзгөрүү шарттары.

4.1. Келишим кол кюлгандан баштап күчүнө кирет.

4.2. Келишимдин иштөө мөөнөтү негизги жалпы билим алганга чейин.

4.3. Эгерде тараптардын бирөө да келишимдин мөөнөтүнү бүтүшүнө 3 ай калганга чейин бузуу жөнүндө билдирбесе, келишим автоматтык түрдө улантылат.

4.4. Келишим алдын ала бузулушу мүмкүн.

4.5. Бул келишим бирдей күчкөэ болгон 2 экземплярда даярдалат. Бир экземпляры окуучунун өздүк делосунда сакталат. Экинчиси окуучуга жана анын ата-энесине тапшырылат.

5. Тараптардын реквизиттери:

| | |
|---|---|
| Жумуш берүүчү Кыргыз Республикасынын Жайыл районундагы Кара-Добо негизги мектеби.<br><br>Муниципалдык, бюджеттик жалпы билим берүү мекемеси.<br><br>Директор Курсариева А.Э. | Ата-эне: Кадырова Керез.<br><br>Паспорт. серия AN № 1086170<br><br>Ким тарабынан берилген МВД 50-04.<br><br>Регистрация мөөнөтү ________<br><br>Прописка сы Кара-Добо айылы Коммунистический-6.<br><br>Адреси ________<br><br>________ колу. |

Копия анык

Мектеп директору Курсариева А.Э.